"БЕКИТЕМИН"

К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик
университетинин илимий иштер боюнча
проректору, ф.и. д., профессор Г. М. Мурзахмедова

**Жетектөөчү мекеме – К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин педагогика жана психология кафедрасынын Омуров Нурлан Кубатовичтин “Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)” аттуу темадагы 13. 00. 01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына**

## ПИКИРИ

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруу куралы катары кароого арналган диссертация темасынын актуалдуулугу рыноктун тез өзгөрүп жаткан шарттарында натыйжалуу иштей алган адистерди даярдоого болгон заманбап талаптар менен шартталган. Бүгүнкү күндө теориялык билимдерди гана берүү эмес, практикалык компетенцияларды өнүктүрүү да өзгөчө мааниге ээ болуп, бул билим берүү процессинин акыркы жыйынтыгына басым жасоону талап кылат. Окутуунун натыйжасы бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын көрсөтүүчү негизги көрсөткүч болуп эсептелет жана билим берүү мекемелери үчүн окуу программаларын, билим берүү технологияларын иштеп чыгууда, ондоодо жана өркүндөтүүдө багыттоочу роль ойнойт. Мындан тышкары, бул жыйынтыкка жетишүү билим берүү сапатын башкарууга системалуу мамиле жасоону, ошондой эле жеткиликтүү баалоо критерийлерин жана ыкмаларын иштеп чыгууну талап кылат, бул болсо өлчөнө турган жыйынтыктарга негизделген

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 108 «18» 11 2024 ж/г



Окумуштуу катчы: [signature]

башкарууга өтүүнү зарыл кылат. Кыргызстандын жогорку окуу жайларында билим берүүнүн сапатын арттыруу жана сапатты башкаруу системасында олуттуу өзгөрүүлөрдү киргизүү аркылуу дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кошулуунун белгилениши менен жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүндө заманбап талаптарына жооп бербеген традициялык ыкмалардын жана мамилелердин калыптанып калышы, заманбап коомдо атаандаштыкка жөндөмдүү бүтүрүүчүлөргө болгон коомдун объективдүү муктаждыгы менен ЖОЖдо билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын натыйжалуу өзгөртүүгө жана өркүндөтүүгө багытталган, илимий негизделген педагогикалык шарттардын жоктугу; жогорку окуу жайларында жыйынтыктар аркылуу бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатынын талап кылынган деңгээлин камсыз кылуу зарылгангы менен бул багытта илимий негизделген иштелмелердин методикалык жактан камсыздалбагандыгы, Кыргызстанда жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруу системанын жакшыртуу зарылгангынын актуалдуулугу, теориялык жана практикалык жактан тажрыйбанын жетишсиздиги бул диссертациялык иштин актуалдуулугун көрсөтүп турат.

2. **Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч бөлүмдөн, бөлүмдөрдүн корутундуларынан, жалпы жыйынтыктан жана тиркемелерден турат. Библиография 190 адабияттарды камтыйт.

Киришүүдө тандалган теманын акуталдуулугу, диссертациялык иштин максаты жана милдеттери, илимий жаңылыгы, алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси, коргоого коюлган негизги жоболор, изденүүчүнүн жеке салымы, изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациясы, диссертациянын жыйынтыктарын жарыялоо, анын түзүмү жана көлөмү жөнүндө маалыматтар берилген.

Диссертациянын биринчи бапы «Жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын камсыз кылуунун теориялык жана практикалык маселелери» деп аталып, изилдөөнүн *биринчи* милдетин чечүүгө арналган. Бул бөлүмдө жогорку

кесиптик билим берүүдө сапатты камсыз кылуу жана башкаруу боюнча теориялык изилдөөлөр жана топтолгон тажрыйбалар иликтөөгө алынды. “Билим берүүнүн сапаты” жана “сапатты башкаруу” түшүнүктөрү Болон системасына интеграциялануунун алкагында актуалдуу боло баштады. Жогорку кесиптик билим берүүдө сапаттуу кесип ээлерин даярдап чыгуу, алар аркылуу университеттердин конкуренттүүлүгүн камсыз кылуу, мобилгөнүлүктү күчөтүү жогорку окуу жайлардын башкы стратегиялык багыттарынан болуп калган.

Изилдөөнүн экинчи бапы “Окутуунун натыйжасын жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруу каражаты катары изилдөөнүн методологиясы, материалдары жана методдору” деп аталып, мында окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын башкарууну иликтөөнүн илимий методдору, педагогикалык шарттары, билим берүүнүн сапатын башкаруунун модели жана аны ишке ашыруунун жолдору каралган.

«Педагогикалык экспериментти уюштуруу жана аны жыйынтыктоо» деп аталган үчүнчү бөлүмдө педагогикалык экспериментти пландоонун, уюштуруунун жана жыйынтыктарын чыгаруунун маселелери каралып, изилдөөнүн *үчүнчү* милдетин чечилди. Экспериментти уюштуруунун максаты болуп окутуунун натыйжасын жакшыртуу аркылуу жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын арттыруунун эффективдүүлүгүн аныктоо эсептелди. Коюлган милдеттерге ылайык, 2018-2022-жылдарда абалган аныктоочу, изденүүчү жана контролдук педагогикалык эксперименттер жүргүзүлгөн.

**3. Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:** изилдөө проблемасы боюнча илимий адабияттарды талдоонун жана жалпылоонун негизинде «билим берүүнүн сапаты», «билим берүүнүн сапатын башкаруу» түшүнүктөрүнүн мазмуну такталган жана билим берүүнүн сапатын башкаруунун дүйнөлүк моделдердин ортосундагы айырмачылыктар ачыкталган; окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын камсыз кылуунун педагогикалык шарттары аныкталган; окутуунун натыйжасынын негизинде билим берүүнүн сапатын арттыруунун модели иштелип чыккан. Эксперименталдык иликтөөнүн

жыйынтыгы менен окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын башкаруунун эффективдүүлүгүн жогорулатууга карата жогорку окуу жайлардын структуралык бөлүмдөрүнө практикалык сунуштар иштелип чыккан.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү:** окуу дисциплиналары боюнча окутуунун натыйжасын иштеп чыгуунун, анын далилдүүлүгүн аныктоого карата баалоочу инструментарийлерди түзүүнүн методикалык сунуштары иштелип чыккан; окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын камсыз кылуунун педагогикалык шарттарын түзүү, моделди ишке ашыруунун жолдорун колдонуу жогорку окуу жайларынын окутуучуларынын ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүгө жардам берет. Автор тарабынан иштелип чыккан методикалык сунуштар ар кандай типтеги окуу жайлардын практикалык иштеринде колдонулушу мүмкүн.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна шайкештиги.** Изденүүчүнүн автореферат диссертациялык иштин мазмунун чагылганрган структурага ээ, кыргыз, орус, аглис тилиндеги резюмелер бири бирине шайкеш келет.

**6. Диссертациялык ишке оң баа берип, сын-пикир катары төмөнкүлөрдү белгилеп кетүү зарыл:**

1. Жогорку кесиптик билим берүүдө сапаттуу кесип ээлерин даярдап чыгуу, алар аркылуу университеттердин конкуренттүүлүгүн камсыз кылуу, мобилдүүлүктү күчөтүү жогорку окуу жайлардын башкы стратегиялык багыттарынан болуп калган деген ой пикирди Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын рейтинги менен коштосо жакшы болот эле.

2. Дүйнөлүк практикадагы жогорку окуу жайларында англо-америкалык, француздук, германия билим берүү моделдери сапат системасынын биздин шартка кайсы модели ыңгайлуу экендигине тереңирээк токтолуп кетүүсү зарылдыгы бар деп эсептейбиз.

3. Жогорку кесиптик билим берүүдө окутуунун натыйжасынын билим берүүнүн сапатынын компоненттерине таасир этүүчү кандай чечимдер жана

сунуштар даярдалганын ачык көрсөтүлсө практикада колдонууга ыңгайлуу болмок.

Белгиленген сын-пикирлер диссертацияны жакшыртуу максатында айтылды, иштин жалпы мазмунуна таасирн тийгизбейт, ал эми анын автору Омуров Нурлан Кубатович 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогика жана билим берүү тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын берүүгө татыктуу.

**7. Кыргыз Республикасында "Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө Жобого" ылайык иштин диссертацияга коюлуучу талаптарга ылайык келиши.** Омуров Нурлан Кубатовичтин "Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)" аттуу темадагы кандидаттык диссертациясы актуалдуу темада аткарылып, теориялык жана практикалык мааниге ээ. Ал жеке издеүүчү тарабынан аткарылган иш болуп саналат. Анын илимий натыйжалары илимий эмгектеринде жарыяланган, анын актуалдуулугу жана ишенимдүүлүгү менен айырмаланат. Бул диссертация Кыргыз Республикасында кандидаттык диссертацияларга карата "Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө Жобонун" 10 п. талаптарына жооп берет, ал эми анын автору Омуров Нурлан Кубатович 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогика жана билим берүү тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын берүүгө татыктуу деп ырастоого негиз берет.

Пикир К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин педагогика жана психология кафедрасынын жыйынында талкууланып 15-ноябрь 2024-жылы (№3-протокол) бекитилди.

К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик
университетинин педагогика жана психология
кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин
кандидаты, доцент Джумагулова Г.А.

Секретарь: Жанышбекова С.М.

КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ
ЗАВЕДУЮЩИЙ ОТДЕЛА КАДРОВ
«15» ноября 2024 ж.

**К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин педагогика жана психология кафедрасынын Омуров Нурлан Кубатовичтин “Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)” аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын талкулоонун 15-ноябрь 2024-ж. №3 протоколунун көчүрмөсү**

## КАТЫШКАНДАР:

**Джумагулова Г.А. – кафедра башчысы, п.и.к., доцент; Мураталиева М.А. – п.и.д., проф. м.а.; Сабырова Э.С.–п.и.к., доцент; Нурманбетова Г.К., – доц. м.а.; Сейдакматов М.Дж. – к.п.н., доцент., Турдукеева Р.А. – к.п.н.. доц. м.а.; Нуркулова Э.Р. – к.п.н., доцент, Турсункулова С.И. - к.п.н.. доц. м.а., Байсубанова А.К. – доц. м.а., Дононбаева Г.Ш. – доц. м.а., Кошалиева С.Ш. – ага окутуучу, Мийназарова В.М. - ага окутуучу, Нурланова А.Н. – ага окутуучу, Жумадылова А.А. – окутуучу, Шабданова Г.А. – окутуучу.**

## КҮН ТАРТИБИ:

**К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин педагогика жана психология кафедрасынын Омуров Нурлан Кубатовичтин “Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)” аттуу темадагы 13. 00. 01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкулоо.**

Педагогика жана психология кафедрасынын башчысы, доцент Джумагулова Г.А. Омуров Нурлан Кубатовичтин “Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)” аттуу темадагы 13. 00. 01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынына жетектөөчү мекеме катарында пикир берүүбүз керек. Кафедра мүчөлөрү диссертациялык иш менен таанышып чыгышты, диссертациянын мазмуну тууралуу ой-пикир айтыңыздар.

**Мураталиева М.А. – педагогика илимдеринин доктору, проф.м.а.** Жогорку кесиптик билим берүүнү башкаруунун сапатын окутуунун натыйжасынын негизинде жогорулатууга арналган диссертациялык изилдөөдө төмөнкүдөй илимий натыйжалар алынган: жогорку кесиптик билим берүүдө сапатты башкаруунун теориялык маселелери талдоого алынып, окумуштуулардын эмгектерине анализ жүргүзүлгөн; Кыргызстандын жогорку окуу жайларында билим берүүнүн сапатын камсыз кылуунун жана аны башкаруу системасын өркүндөтүүнүн учурдагы абалына иликтөө жүргүзүлгөн; билим берүүнүн сапатын жогорулатууга багытталган нормативдик документтерге жана окумуштуулардын изилдөөлөрүнө анали жүргүзүлгөн; жогорку окуу жайларында билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу, билим берүүнүн сапатын башкаруу боюнча тажрыйбаларды иликтенген; Кыргызстандын билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасынын иштери, максаттары, милдеттери жана аткаруучу функциялары талданган.

Абдан актуалдуу тема деп эсептеймин. Иш кандидаттык диссертацияларды жазуу боюнча бардык талаптарга жооп берет, ошондуктан 13.00.01-жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистик боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын жактоого сунуш кылам.

**Сабырова Э.С. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент.** Окуу дисциплиналары боюнча окутуунун натыйжасын иштеп чыгуунун натыйжасында, анын далилгөнүлүгүн аныктоого карата баалоочу инструментарийлерди түзүүнүн методикалык сунуштары иштелип чыккан экен; окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын камсыз кылуунун педагогикалык шарттарын түзүү, моделди ишке ашыруунун жолдорун колдонуу жогорку окуу жайларынын окутуучуларынын ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүгө жардам берет. Автор тарабынан иштелип чыккан методикалык сунуштар ар кандай типтеги окуу жайлардын практикалык иштеринде колдонулушу мүмкүн.

Диссертациялык иш жатык тилде түшүнүктүү жазылган. Мен да бул ишти кызыгуу менен окуп чыкканм, коргоого сунуштайм деген оң пикиримди билдирем.

**Байсубанова А. – доценттин м.а.** жогорку окуу жайларында окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын жакшыртууга багытталган уюштуруучулук-педагогикалык шарттар аныкталып аларды теориялык жактан негиздөө маселеси каралган. Бирок бул педагогикалык шарттар кандидаттык диссертация үчүн көптүк кылат деп ойлойм. Окутуунун натыйжасынын маанилүү касиети, автордун оюнда – бул анын окутуу процессинин бардык структуралык компоненттери менен, ошол эле учурда нормативдик документтер менен дагы байланышта экендиги. Окутуунун натыйжасы билим берүү программасынын жана билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын курамындагы жалпы илимий жана инструменталдык, социалдык инсандык жана кесиптик компетенцияларына тиешеси бар түшүнүк болуп эсептелет. Билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык окуу пландары жана негизги билим берүү программалары иштелип чыгат. Бул программаларда адистикке жараша компетенттүүлүктөрдүн мааниси чечмеленет. Анын негизинде ар бир окуу дисциплиналарынын окуу программалары түзүлөт жана мында дисциплиналар боюнча окуу натыйжалары иштелип чыгат.

**Сейдакматов М.Дж. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** Эксперименттин максаты болуп окутуунун натыйжасын жакшыртуу аркылуу жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын арттыруунун эффективдүүлүгүн аныктоо эсептелип, балды аныктоочу, изденүүчү жана контролдук педагогикалык эксперименттер жүргүзүлгөн. Иштелип чыккан моделдин эффективдүүлүгү алынган жыйынтыктар аркылуу жогорку окуу жайларында билим берүүнүн сапатын арттырууга карата тиешелүү практикалык сунуштар иштелип чыккан.

Диссертациялык иш коюлган талаптарга жооп берет, изденүүчү 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептеймин.

**Турсункулова С.И. – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.** Азыркы күндө аккредитация Кыргызстандагы билим берүүнүн сапатына оң таасирин тийгизери, системалуу иштер аркылуу жогорку окуу жайларында билим берүүнүн сапатын жогорулатууга салым кошуп жатат. Диссертант мамлекеттик аттестациядан көз карандысыз аккредитациялоо системасына өтүү сыяктуу Билим берүү жана илим министрлигинин укуктук-ченемдик документтеринде жана стратегияларында Болон процессине ылайык реформалоо иш-чараларын пландаштырып жатканына карабастан, дагы да татыктуу болууну камсыздоо, ишеним деңгээлин жогорулатуу, жогорку билим берүү системасын өркүндөтүү жана интернационалдаштырууга багытталган системаны түзүү зарыл. Каржылык жана адам ресурстары боюнча көз караштарга караганда, аккредитациялоону уюштурууга коюлган талаптар ЖОЖдор үчүн стресс жана кошумча жүк болуп калууда деген оюн бекемдейт.

Диссертациялык иш коюлган талаптарга жооп берет, изденүүчү 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептеймин.

К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин педагогика жана психология кафедрасынын Омуров Нурлан Кубатовичтин “Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)” аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкулоодон кийин төмөнкүдөй

**ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛДЫ:**

1. Омуров Нурлан Кубатовичтин “Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)” аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы бардык талаптарга жооп берет, ачык коргоого сунушталат.

2. Диссертациянын жана авторефераттын мазмуну жана жасалгалоосу боюнча кемчиликтер жетектөөчү уюмдун расмий пикиринде көрсөтүлсүн.

**К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин педагогика жана психология кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **Джумагулова Г.А.**

**Секретарь:** **Жанышбекова С.М.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ
ЗАВЕДУЮЩИЙ ОТДЕЛА КАДРОВ
«15» ноября 2024 ж.